УДК: 821.512.154
DOI 10.33514/1694-7851-2025-4/3-546-552

**Сокурова Ж.К.**
окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
jsokurova70@gmail.com

## ЖАЗУУЧУ С. РЫСБАЕВДИН “ТАТТУУ ҮЙ” ЧЫГАРМАСЫ – БАЛАГА МОТИВАЦИЯ БЕРҮҮНҮН МЫКТЫ ҮЛГҮСҮ КАТАРЫ

**Аннотация.** Макалада белгилүү балдар жазуучусу Сулайман Рысбаевдин “Таттуу үй” чакан аңгемеси жөнүндө сөз болот. Жазуучу, көп кырдуу талант ээси С.Рысбаев бүткүл өмүрүн балдар адабиятына, анын ичинде балдар фольклорун изилдөөгө, балдар адабиятынын тарыхына, аны окутуунун методикасына, балдарды китепке кызыктырууга жана балдар адабияты аркылуу балдардагы мыкты баалуулуктарды калыптандыруу маселелерин изилдеп, жайылтып келе жаткан инсандардын бири.

Жазуучунун чыгармаларында балдардын кулк-мүнөзү, дүйнө таанымы кызыктуу жана кылдат ачылып, өсүп келе жаткан жаш муундун келечегине жакшы тааасир тийгизгени жана тарбиялык маанисинин күчтүүлүгү менен айырмаланып турат.

Биз сөз кыла турган “Таттуу үй” аңгемеси дал ошондой, балдардын келечегине жана чыгармачылыгына дем-күч берген, шыктандырган чыгармалардын бири.

**Негизги сөздөр:** Балдар адабияты, балдар фольклору, таттуу үй, таттуу кыял, келечек, шыктандыруу, жөндөм, ишеним, тарбия, тарбиялоо, курулуш иштери, талант, чыгармачылык, илимпоз, максатка умтулуу, мүмкүнчүлүк.

**Сокурова Ж.К.**
преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И.Арабаева
г. Бишкек
jsokurova70@gmail.com

## ПРОИЗВЕДЕНИЕ ПИСАТЕЛЯ С. РЫСБАЕВА «СЛАДКИЙ ДОМ» — ПРЕКРАСНЫЙ ПРИМЕР МОТИВАЦИИ РЕБЁНКА

**Аннотация.** В статье речь пойдет о рассказе «Сладкий дом» известного детского писателя Сулаймана Рысбаева. С. Рысбаев, человек многогранного таланта, посвятил всю свою жизнь детской литературе, включая изучение детского фольклора, истории детской литературы, методику преподавания, а также изучение и развитие интереса к книге у детей и формирование у них добрых ценностей через детскую литературу.

В произведениях писателя интересно и подробно раскрываются характер и мировоззрение детей, что оказывает положительное влияние на будущее подрастающего поколения и отличается высокой воспитательной ценностью.

Рассказ «Сладкий дом», о котором пойдет речь, – одно из произведений, вдохновляющих и стимулирующих будущее и творчество детей.

**Ключевые слова:** Детская литература, детский фольклор, сладкий дом, сладкая мечта, будущее, вдохновение, способность, вера, воспитание, образование, строительство, талант, творчество, ученый, целеустремленность, возможность.

**Zh.K. Sokurova**
Lecturer
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
jsokurova70@gmail.com

## THE WORK OF THE WRITER S. RYSBAYEV "SWEET HOME" IS A WONDERFUL EXAMPLE OF CHILD MOTIVATION

**Annotation.** This article will focus on the story "Sweet Home" by renowned children's writer Sulaiman Rysbaev. A man of multifaceted talent, Sulaiman Rysbaev dedicated his entire life to children's literature, including studying children's folklore, the history of children's literature, teaching methods, and developing children's interest in books and instilling positive values in them through children's literature.

The writer's works reveal children's personalities and worldviews in an engaging and detailed way, which has a positive impact on the future of the younger generation and is highly educational.

The story "Sweet Home" is one of those works that inspires and stimulates the future and creativity of children.

**Key words:** Children's literature, children's folklore, sweet home, sweet dream, future, inspiration, ability, faith, upbringing, education, construction, talent, creativity, scientist, determination, opportunity.

Ар бир бала чыгармачыл, ар бир бала таланттуу келет. Жаш балдардын ар бир кыймыл-аракети чыгармачылык менен байланышып, бири сүрөт тартканга шыктуу болсо, бирөө ырдап-бийлегенге, ал эми башкасы курулуш иштерине, ар түрдүү нерселерди, буюмдарды жасоого кызыгышат. Айрым балдар техника менен алектенсе, кээ бири кийим тиккенди жактырат. Ошентип отуруп, эмгекке болгон мамиле калыптанат. Кыскасы, жөндөмсүз, жалкоо адам жаралбайт. Тек гана ошол жөндөмдү убагында бапестеп багып, ага көңүл буруп тарбиялап, өстүрүү, туура багыт берүү чоңдордун милдети.

Балдардын шык-жөндөмүн, чыгармачылыгын арттырууда ата-эненин, тарбиячылардын жана чоң адамдардын ролу абдан чоң.

Кыргыз эли илгертеден бери эле баланын шык-жөндөмүн калыптандырууга, анын келечегин туура жолго багыттоого зор маани бергени элдик оозеки чыгармаларында, ата-бабабыздын улуу-кичүүгө берген баталарында, каалоо-тилектеринде, салт санаасында таасын байкалат. Айрыкча бешик ырында:

Алдей, алдей кулунум,
Энең сени төрөгөн.
Эмгекчил уул болот деп,
Ак бешикке бөлөгөн,
Алдей, алдей бөбөгүм.
Колунан көөрү төгүлгөн,
Уста болгун бөбөгүм.

же:

Ырдын кенин ыргаган,
Ырдаса эли жыргаган,
Ырчы болгун бөбөгүм
...Адамга тийтип пайдасы,
Табып болгун бөбөгүм [1]

Көрүнүп тургандай, кыргыздар балага туулагандан ак тилек каалоо, жакшы сөздөр, кыял-үмүт аркылуу наристенин келечегин жакшы жакка бурганга аракет кылышып, "Элге керектүү, жаңы шартта пайдасы тийген ар түрдүү кесиптин ээси болоорун тилеп, бешик ырын ырдайт" [2].

Мындай көрүнүш, балдарга берилген мотивация – ак бата менен келечегин тилөө ата-энелер, улуу адамдар тарабынан байма-бай жасалып, натыйжада бала жигердүү, кайраттуу, максатчыл болуп өсүп, бул анын кийинки жашоосуна оң таасирин тийгизген. Жакшы кепке, ак тилекке каныга өскөн муун нарк-насилдүү "кулактан кирип бойду алган" сөздөрдү боюна сиңирип, намыскөй, кайраттуу, журтчул азаматтардан болуп чоңойгон.

Демек, сөз керемети менен жакшы сапаттарды баланын боюна сиңирүү, болочок пландарынын ишке ашуусуна жана максатка жетүү үчүн ишенимди пайда кылуу, бара-бара адамдык мыкты сапаттардын калыптанышына шарт түзүү ата-бабабыздан бери келе жаткан баа жеткис жөрөлгөлөрдүн бири. Бул салт бүгүнкү күндө жазуучулар, педагогдор жана ата-энелер тарабынан ийгиликтүү уланып келет.

Ал эми "балдар адабияты көркөм сөздүн күчү менен балдардын эстетикалык табитин калыптандырып, алардын көркөм чыгармага болгон кызыгуусун арттырат. Көркөм чыгармалардын жардамы аркылуу жаш окурмандар элестетүүнү жана фантазияны өнүктүрүп, жаңы ойлорду жаратууга шыктанышат. Чыгармачылык жөндөмдүүлүк балдардын инсан катары өзүн таануусунда жана келечекте ийгиликтүү инсан болуп калыптануусуна өбөлгө түзөт" [3].

Баланын жасаган ишин баалоо, аны кубаттоо, багыт берүү сыяктуу чоңдор тарабынан жасалган аракеттер алардын маанайын көтөрүп, чыгармачылыгынын жаңы башаттарынын пайда болушуна жардам берет. Ал эми чыгармачылык – баланын инсан катары ар тараптан өнүгүшүнүн маанилүү бөлүгү болуп эсептелет. Ал адамдын ички мүмкүнчүлүктөрүн ачып, өзүнө болгон ишенимди жогорулатат, элестетүүнү жана өз алдынча ой жүгүртүүнү өнүктүрөт. Баланын чыгармачылыгы толук кандуу өнүгүшү үчүн ага колдоо, шык-дем берүү зарыл. Мындай шыктандыруу баланы терең ой жүгүртүүгө, жаратууга жана өз дараметин баалоого, баштаган ишин аягына чыгара жасоого ишенимин арттырып, анын инсан катары калыптанышына түрткү берген күч.

Ушундай мотивация берип, балдардын чыгармачылык шык-жөндөмүн арттырган жазуучу – балдардын сүйүктүү досу Сулайман Рысбаев болуп эсептелет.

С.Рысбаев балдар жазуучусу гана эмес, ал көрүнүктүү илимпоз, тилчи, педагог жана публицист. Балдар фольклорун, балдар адабиятын окутуунун методикасын изилдеп, "Алиппе" китебин түзгөн, балдарды китепке кызыктыруунун ондогон уникалдуу сунуштарын иштеп чыккан, чаалыкпаган күжүрмөн, жаңы идеяларга бай окумуштуу-педагог.

Сулайман Рысбаев балдардын кулк-мүнөзүн, дүйнө кабылдоосун, жашоо образын терең жана ар тараптуу ачып берген "Жылмайып турган таш", "Сыйкырдуу жазуу", "Мендей менен Сендейдин жоруктары", Бакыт издеген бала", "Баланын канаты", "Айжаз менен

Бегулан”, “Китеп окуган шамал”, Умай бала”, “Айбийке сулуу”, “Учуп жүрүүчү боз үй”, “Сүрөттүү аңгемелер” ж.б. ондогон чыгармалардын ээси.

Жазуучунун кызыктуу аталыштагы аңгемелери жаш бөбөктөргө, мектеп окуучуларына арналып, балдардын жан дүйнөсүнө күлазык болуп, коомдон өз ордун тапкан мыкты инсан болушуна көмөк көрсөтүп, балдардагы асыл баалуулуктардын калыптанышына шарт түзүп келе жатат.

Ошондой тили жатык, баланын келечегине жол көрсөткөн, көрөсөн чыгармасынын бири “Таттуу үй” деп аталат. Аңгеменин көлөмү абдан чакан, болгону 10-11 сүйлөмдөн туруп, башкы ой баяндоочу менен баланын диалогу аркылуу ачылат.

Чыгармада айрыкча шөкөттөдөн алыс, кадимки эле баланын оюну, күнүмдүк турмуш, чоң адам менен баланын ой жүгүртүүсү сыяктуу көрүнүштөр камтылган. Аңгеменин ар бир сүйлөмү терең маани, келечек, балага болгон сүйүү, баланын иш-аракетин колдоо, шыгына-шык кошуу сыяктуу жакшы жышааналар менен коштолот.

Автор чыгармасын “Бекзаттын бир адаты бар. Колу бош боло калса эле ар түрдүү нерселерден үй сала баштайт. Үй салат да, «Мына бул менин үйүм» – деп жанындагыларга жарыя айта баштайт” – деп баяндайт да, бул сүйлөмдөрдөн башкы каармандын инсан катары калыптана башташы, алдыга койгон кыял-максаттарынын башаты башкы каармандын кыймыл-аракетинен башбагып турганын сүрөттөйт. Бекзат кыялындагы үйдү салууга, аны ишке ашырууга аракет кылат. Ал жөн гана кыял эмес, ал анын келечек тагдыры. Жасаган ишин аягына чыгып, “Бул менин үйүм!” деп жарыялашы, өз ишине болгон маашырлануу, айланасындагы адамдардын көңүл буруусун талап кылган балалык баёо мүнөзү. Эми ушул жагдайда, жанындагы адам ага жооп бербей, көңүл бурбай койсо бала кандай абалда калаар эле?

Албетте кубанычы жүзүнөн күбүлүп, мостоёт. Баланын андан аркы оюну токтоп, маанайы түшөт. Жасап жаткан ишин уланткысы келбейт. Мындай мамиле чоң адамдын деле маанайын түшүрөрү белгилүү. Анан калса балдар ар убак көңүл бурууга, жакшы сөзгө, камкордукка муктаж. Муну жазуучу абдан жакшы түшүнөт, мындай сапат кан-жанына сиңип, калыптанып калган кылдат психолог.

– Ата, – деп мага көрсөттү ал, – көрдүңүзбү, булар – кирпичтер… Аппак кирпичтер бекен…

– Ооба…

Баланын кирпичтери жөн кирпичтер эмес, **аппак кирпичтер**. Демек автор муну менен башкы каармандын таптаза жан дүйнөсү, аруу тилегин чагылдырат. Кирпич-баланын келечекке жасаган кадамы. Адам турмушка жасаган кадамы менен өмүр жолун арбыткан сыяктуу, кирпич символ катары баланын басып өтчү жолу. Алар жөнөкөй эмес, аппак кирпичтер, демек, баланын – келечек муундун алдыга койгон планы, аруу ой-максаттары.

Ар бир адам өз турмушунун куруучусу, ал жашоосунда кирпичти кандай коё алат, аны кандай кынай алат?

Бул суроо ар бир ата-энени, акыл эстүү адамды өмүр бою түйшөлдүрөт. Дегеле, коом алдында улуу адамдар, арийне, агартуучулар жаш муун алдында алардын келечегине жакшы жагынан таасир берүүгө милдеттүүбүз. Ал эми татыктуу адамды тарбиялоо, чыгармалары аркылуу таасир берүү, жол көрсөтүү жазуучу Сулайман Рысбаевдин башкы кредосу болуп саналат.

Кумурскадай талыкпаган эмгегинин натыйжасында бир жагынан илимпоздук-агаруучулук, бир жагынан жазуучулук кош тизгинди бирдей кармап кыргыз журтчулугуна кызмат кылып келе жаткан С.Рысбаевдин балдар адабиятында орду абдан чоң.

Баскан жолу, курган турмушу кынаган кышына жараша болоорун, чыгармадагы башкы каарман келечегинин кирпичтерин коюуга камылга көрүп, ошого багыт алып жатканы чыгармада таасын чагылдырылат. Автор муну саймедиреп көп сөздүүлүккө берилбей, анча-мынча деталдар, чакан диалог менен гана ачууга жетишет.

– А булар болсо-шийпырлары…тактайлары…

Ошентип ал чакмак кант менен печеньелерден бат эле эки бөлмөлүү апакай там салып койду.

– Ата, мына бүттүм. Бул – менин үйүм…

Жогорудагы сүйлөмдөрдөн баланын дүйнө кабылдоосу, аны чагылдыра алуусу, изденүүсү көрүнөт.

“Бул – менин үйүм... “.

Көп чекит коштогон ушул кыска сүйлөм, үч сөздө эмне деген гана үмүт, тилек, баланын аруу кыялы, чоңдордон укчу жакшы сөз жана  жылуу мамилени күтүү жатат. Демек, автор көп чекиттин артына бүтүндөй бир тагдырды, өмүрдү батыра турган ойду, кыял менен тилекти берип, окурманды ойго салат.

Ал бир гана Бекзаттын кыялы эмес, автордун оюу аркылуу бардык акыл-эстүү ой жүгүрткөн, балага мээрим төгүп, татыктуу тарбия бере алган, жакшы сөзүн аябаган улуу муундун кыялы, үмүтү.

– А-ий, Бекзат, сенин канттан салган үйүң жакшы үй болот го ээ? Канттай эле таттуу болот го… ээ? – дедим аны кубаттап, - деген бир гана сүйлөмү автор айткандай баланы кубаттап, ага эргүү берет. Өз убагында айтылган мактоо, колдоо балага канат бүтүрүп, андан ары шыктандырат.

Башкы каарманга  колдоо көрсөтүү же мотивация берүү кандай жыйынтык берээр экен?

Анда чыгарманын финалына көңүл буралы:

– Ооба, – деди ал ойлонбой эле, – менин үйүм таттуу үй болот…

«Айтканың келсин, – дедим ичимден, Бекзатты саамайынан сылап, – сен да чоңоюп, өзүңө үй курасың. Үйүң таттуу үй болсун!».

Бекзат чакмак канттардан дагы да топтоп алып, баягы эки бөлмө үйүн чоңойто баштады…

Мына, анча деле көп комментарийди талап кылбаган чечилиш. Бирок ушул саптарда балага болгон чоң сүйүү, анын келечегинин кең, жашоосунун таттуу болушун тилеген аталык мээрим, ак бата, кең пейилдик, турмуштук чоң тажрыйба, баланын кулк-мүнөзүн терең жана кылдат өздөштүргөн кыраакылык жатат.

Бир сөз адамды асманга жеткирип, көңүлүн көккө сермейт. Бир сөз жер менен жексен кылып, ой-кыялын талкалайт, жүрөгүнө так салат.

Сөз кадырын баарынан жогору койгон жазуучу жакшы сөз адамдын келечегин аныктай тургандыгын, сөздүн кудурети адам тагдырына зор таасир тийгизээрин ар убак айтып келе жатат.  “Сөз — улуу тарбиячы, акылман насааатчы, мыкты мугалим. Жоокердин куралы — кылыч, соттун куралы — түрмө, жасоолдуку — ай балта. А тарбиянын куралы — сөз. Ал курал баарынан күчтүү, курч да, баарынан өткүр. Сөз кандай болсо — тарбия да ошондой болмокчу” – деп балдарды сөз керемети менен тарбиялоону сунуштап, аны чыгармаларында чагылдырат.

Демек, сөз баарынын башаты да, баарынын натыйжасы дагы. Жаш балдарды убагында колдой билүүнү, келечегин кең жолго салууну ар чыгармасында чагылдырат,   турмуштук

тажрыйбасында да колдонот. Балдар менен аралаша жүрүп, баланын дал өзүндөй ой жүгүртүп, алардын турмушуна үзгүлтүксүз көз салат.

Бул ой-пикирлерин “Сөз берметтери” китебинде: “Ар нерсеге адам а дегенде сөзү менен жетет. Сөздүн башталганы — иштин башталганы. Сөз кандай башталса, иш да ошондой башталмакчы, иш да ошондой уланмакчы. Сөз кыйшайса, иш да кыйшаят” – деп тастыктайт [4].

Автор мындай чеберчилик менен кыраакылыкты кайдан алды экен?

Албетте, биринчи кезекте балалык доордон жана өзүн курчап турган балалык чөйрөдөн.

“Сиз каармандардын кылык-жорук, ой жүгүртүүсүн кайдан аласыз?” - деген суроого дээрлик бардык-акын жазуучулар кичинекей балдардын жүрүм-турумуна үзгүлтүксүз көз салаарын, балдар турмушу, сүйлөгөн сөздөрүнүн өзү эле эргүү менен чыгармачылыктын кенчи экенин айтышат. Жаш кезинде өз балдарынын кылыктарына кубанса, жашы өткөндө неберелердин кылык-жоруктары, алардын ой-жүгүртүүсүнө тынымсыз байкоо жүргүзүп, керек жерде жазып ала кое тургандыктарын моюнга алып калышат.

Жазуучу да бул көрүнүштү танбай, балдардын ой жүгүртүүсүнө кылдат байкоо салаарын, өзүнүн балдары, неберелери эле далай чыгарманын сюжетин түзүүгө себепкер болгонун айтканы бар.

Жазуучунун дээрлик көпчүлүк аңгемелери оюнун тактыгы, сюжетинин кыскалыгы жана тарбиялык маанисинин таасындыгы менен айырмаланып турат. Бул тууралуу белгилүү окумуштуу-педагог А.Муратов мындай деп баса белгилейт: “Ал кургак дидактикадан качып, балдар менен баарлашуу, б.а. диалог куруу ыкмасын арбын колдонот. Ал эми аңгемечи С.Рысбаев жомокчу С.Рысбаевге караганда жазгандарына дагы тыкан, айта турган оюна так. Анын көп аңгемелери кыска жана балдар турмушунун кайнаган казанынан калпып алынган” [5].

“Балдар адабияты педагогика менен көркөм чыгармачылыктын ширөөсүнөн бүткөндүктөн анын авторлору балдардын жан дүйнөсүн терең сезе билген, сезимтал, сергек, кыялкеч жазуучу болуусу керек”[6].

Балдар адабияты дал ушундай тактык менен тазалыкты, акын Токтосун Самудинов айткандай “бөтөн балдарды өзүнүкүнөн артык сүйүп”, жасалмалуулукка жана курулай акыл айтууга жол бербөөнү талап кылат.

Демек, жазуучу Сулайман Рысбаевдин биз сөз кылган аңгемеси баланын чыгармачылыгынын, анын инсан катары калыптаныш этабын сүрөттөгөн, ага демөөр болуп шыгына-шык кошкон, анын балдар адабиятынын спецификасын мыкты өздөштүргөн, балдардын психологиясын, алардын жан дүйнөсүн жакындан билген чыныгы балдар калемгери экенин тастыктаган чыгарма.

Жазуучунун ар бир аңгемеси балдардын чыгармачылык ишмердүүлүгүнүн ар тараптан жетилишин камсыздап, ал эми ата-энелер менен мугалимдерге үлгү боло турган, тарбиялык мааниси зор чыгармалардан.

Жазуучу балдардын талантынын ойгонушуна, руханий жактан калыптанып, жан дүйнөсүнүн байышына чыгармалары жана акыл-насааттары менен колдоо көрсөтүп, жаш муунду, айрыкча кийинки-заманбап муунду тарбиялоодо зор эмгек сиңирип келе жатат. Эгер бала өз чыгармачылыгы үчүн колдоо таап, шыктанып турса, ал өзүн эркин, креативдүү жана бактылуу сезет.

Мындай балдар келечекте коомго пайдалуу, жоопкерчиликтүү, жаңычыл ойлорго бай, заман чакырыктарына жооп бере алган, заманбап инсандар болуп чыгат.

**Адабияттар:**


1. Орозова Г. Фольклордук жанрлардын өзгөчөлүгү. – Б.: 2012, 30-31-б.б.
2. Орозова Г. Фольклордук жанрлардын өзгөчөлүгү. – Б.: 2012, 31-б.
3. Сокурова Ж.К. Балдардын чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн арттырууда балдар адабиятынын орду // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы 2025-2/3, – 824-831 бб.
4. Рысбаев Сулайман: Сөз жөнүндө дастан (1-этюд).РухЭш// https://ruhesh.kg/ky/dasmiya/1656-risbaev-sulayman/sulayman-risbaev-soz-zhonundo-dastan-1-etyud
5. Муратов А., Исаков К. Кыргыз балдар адабияты. – Б.: 2012, – 255-256 бб.
6. Түлөгабылов М. Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы. – Б.:”Мектеп”. 1991.
7. Рысбаев С. Таттуу үй. – Б. 2009.


**Рецензент: филология илимдеринин доктору, профессор Асакеева Д.Ж.**